# Дубал




Автор: Роза Султангазиева

Сүрөтчү: Никкель Эрин

Которгон: Талгат Деркембаев

# Дубал

Автор: Роза Султангазиева
Сүрөтчү: Никкель Эрин
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Дубал " (кыргыз тилинде), автор Роза Султангазиева, сүрөтчү Никкель Эрин, которгон Талгат Деркембаев

*Забор*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Наташа толук кыз. Классташтары аны тамашалап, тийише беришчү.

Бирок ал балдардын шылдыңына маани берчү эмес. Сабагын жакшы окуп, маанайы шат болуп жүрө берчү. Бирок анын эң эле корккону – дене тарбия сабагы. Наташа башка окуучулардай болуп “эшектен” секирүү, “арканга асылып чыгуу” сыяктуу көнүгүүлөрдү жасай алчу эмес. Ал бийиктиктен аябай коркчу. Кыздын  спорттук көнүгүүлөрдү аткарганы классташтарынын күлкүсү менен тамашасына айланчу.



– Апа, эмне үчүн мен мынча толукмун? – деп кыз ар бир дене тарбия сабагынан кийин апасынан капаланып сурачу.

– Сен менин акылдуу жана сулуу кызымсың да. Ага көп кейибе! Чоңойгондо эле шыңга бойлуу татынакай кыз болуп каласың. Кел, андан көрө, спорт менен машыгалы. Чуркайлы, велосипед тебели, суугa сүзөлү.



Ошентип, алар эртең менен апасы экөө парктын ичинде чуркашчу болду. Күн сайын кыз чоң күзгүнүн алдына каранып, эч кандай өзгөрүү болбогонун байкайт.

Апасы жумушка кеткенде велосипедди жалгыз тебет.



Жай келди.

Бир жолу Наташа өзүн карай велосипед тээп келе жаткан баланы көрдү. Бала ага жылмайып, колун булгалап өтүп кетти. Чоочун баланын жылмайышы Наташага аябай жагымдуу сезилди.



Бурулуп караса эле, чоочун бала жолдон чыгып кетип, бадалдын арасына кулап калганын көрдү.

Наташа анын жанына велосипедин тээп келе калып, балага ордунан турганга жардам берди.

Анын тизеси жана колдорунун териси сыйрылып кетиптир.

– Жараттарды тазалап, таңып коюу керек, – деди кыз.

– Эч нерсе болбойт. Бака жалбырак таңып койсом, бат эле айыгып калат, – деди бала.

– Сен дайыма ушул жерде велосипед тебесиңби? Менин атым Эмир. Сенин атың ким? – деди ал.

– Мен Наташамын. Күнүгө парк ичинде велосипед тебем.



Ушул күндөн баштап балдар бирге сүйлөшүп, чогуу велосипед тебишип, тамашалашып, убактыларын көңүлдүү өткөрүшчү болду.

Алар аябай ынтымактуу достордон болуп калышты. Балмуздак жешет, китеп окушат, кыялдары менен бөлүшөт.



Эмир кээде Найда деген итин ээрчитип алат. Найда дайыма бир жакка качып кетчү болду. Балдар аны издешет. Ит кээде бадалдардын арасына, кээде ылай чалчыкка кирип кетет. Балдар каткырышып, иттин жүнүнөн уйгактарды чыгарышып, баткактан тазалашат.



Бир жолу Найда дагы жоголуп кетти. Эмир буга аябай кайгырды. Наташа Эмирге кошулуп издешти. Иттин жоголгонуна төрт күн болуп кетти.

Балдар кулактандыруу жазышып, паркта, көчөлөрдө чаптап жүрүштү. Бирок ит табылган жок. Ар кандай коркунучтуу ойлор келип жатты.

– Балким, Найданы унаа тебелеп кетип жүрбөсүнө?

– Балким, ал бир арыкка түшүп кетип, чыгалбай ачка калдыбы?

– Шаарда кожоюну жок иттерди баккан жай бар. Найданы ошол жерге кармап кетиштиби?

– Жүрү, карап келели, – деп  Наташа сунуш кылды.





Эртең менен алар ит кармоочу жайга келишти. Бирок ал жердин дарбазасы бек экен.

Ит баккан жай тегерете темир дубал менен курчалыптыр.

– Дубалдан ашып өтүү керек, – деди Эмир.

Наташа дароо эле дене тарбия сабагында “эшектен” ашып секире албаганын эстей калды. Эми Эмир шылдыңдайт деп коркуп кетти.



– Сен ушул жерде эле туруп тур. Найданы мен өзүм эле карап келе калайын, – деп Эмир дубалдан ашып кетти.

– Жок, мен да барам! – деп Наташа дубалды көздөй чечкиндүү басты. Ал дубалдан ашып түшкөнчө, Эмир көрүнбөй калды.

Бийик дубалдан ашып түшкөнүнө өзү таң калды.

Бадалдардын ары жагынан  иттердин үндөрү угулду.



Наташа короонун түпкүрүнө чейин барып, ит кармоочу жайдын кароолчусун жана кубанычы койнуна батпай турган Эмирди көрдү. Жанында куйругун шыйпаңдатып Найда бар экен.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Роза Султангазиева

Сүрөтчү: Никкель Эрин

Которгон: Талгат Деркембаев



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли